# Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жунубдуктан жуунганда, алгач эки колун жууп, анан намазга даарат алгандай даарат алчу да, андан кийин толук жуунчу

Ыймандуулардын энеси Айша (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жунубдуктан жуунганда, алгач эки колун жууп, анан намазга даарат алгандай даарат алчу да, андан кийин толук жуунчу . Кийин чачтарынын арасына колун салып, терисине чейин суу жеткени анык болгонго чейин аралатчу. Башына сууну ич ирет куйчу. Анан бүт денесин (суу куюп) жуучу. (Айша) дагы кошумчалайт: Мен, Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) экөөбүз тең чогуу сузуп алып, бир идиштен жуунат элек.
[Сахих (ишенимдүү)] [Бухари жазып калтырган]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жунубдуктан жуунмакчы болгондо, колдорун жуудан баштаган. Кийин намазга даарат алгандай даарат алган. Андан кийин бүт денесине суу куйган. Кийин чачтарынын арасына колун салган. Чачтарынын түбүнө, терисине чейин суу жетти деп ишенгенге чейин колун салып аралаткан. Башына сууну үч жолу куйган, анан бүт денесине суу куюп жууган. Айша ага (Аллах ыраазы болсун) айтат: Мен, Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) экөөбүз тең чогу сузуп алып, бир идиштен жуунат элек.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee